**БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ**

Нарын медициналык колледжинин орто кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоонун алдын-ала жыйынтыктары:

**1 - Стандарт. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатына минималдуу талаптар**

**Алсыз жактар:**

1. Иш берүүчүлөр менен кызматташуу боюнча келишимдер түзүлгөн, бирок билим берүү программасын өркүндөтүү жана билим берүү чөйрөсүн жакшыртуу маселелери камтылган эмес.
2. Стратегиялык, учурдагы пландарды аткаруунун жыйынтыгын талдоо жана аларга тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү маселелери системалуу түрдө толук жөнгө салына элек.
3. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра кароого окуу жайдын жетекчилиги, кызматчылары, окуучулары жана кызыкдар тараптардын катышуусун жөнгө салуучу документтери такталган эмес.
4. Билим берүүнүн сапат менеджменти системасы толугу менен ишке киргизилген эмес.
5. Сайтта колледждин иши жөнүндө зарыл маалыматтар толук эмес жайгаштырылган.

**Сунуштамалар:**

1. 2019-ж. 01.06. чейин иш берүүчүлөр менен кызматташуу боюнча түзүлгөн келишимдерди билим берүү программасын өркүндөтүү жана билим берүү чөйрөсүн жакшыртуу маселелери боюнча жеткире иштелип чыксын жана анын аткарылышы камсыздалсын.

2. 2019-ж. 01.06. чейин стратегиялык жана учурдук пландарга 2018-2040 – жылдарда Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнүн Улуттук стратегиясынын негизги жоболорун эске алуу менен тиешелүү түзөтүүлөр киргизилсин.
3. 2019-ж. 01.06. чейин билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра кароого окуу жайдын жетекчилиги, кызматчылары, окуучулары жана кызыкдар тараптардын катышуусун жөнгө салуучу документтери толук иштелип чыксын жана жетекчиликке алынсын.

4. 2019-ж. 01.09. чейин билим берүүнүн сапат менеджменти толукталып иштелип чыгарылып, колдонууга киргизилсин.

5. 2019-ж. 01.07. чейин окуу жайдын иши жөнүндө маалыматтар менен сайт толукталсын жана сайттын актуалдаштырылуусу камсыздалсын.

**1 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**2 - Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, байкоо жүргүзүү жана мезгили менен баалоого минималдуу талаптар**

**Алсыз жактар:**

1. Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында студенттер менен иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын мезгил-мезгили менен баалоонун жол-жоболору (формасы, мөөнөтү жана баалоо тартиби) жөнгө салынган эмес.
2. Актуалдуулугун камсыздоо үчүн илимдин соңку жетишкендиктерин жана технологияларын эске алуу менен конкреттүү дисциплиналардын мазмунуна жыл сайын мониторинг жүргүзүү жана баалоо маселелери жөнгө салынган эмес.
3. Билим берүү чөйрөсү менен колдоо кызматтарынын жана алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигине мониторинг жүргүзүү аягына чыккан эмес.
4. Мониторингдин жана мезгили менен баалоонун натыйжаларын талдоо, талкуулоо жана аларды билим берүү процессин уюштурууну жакшыртууга кызыкдар тараптар катышпайт.
5. Билим берүү программанын окуу-усулдук камсыздалышынын билим берүүнүн максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келүүсүн баалоо соңуна чыккан эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2019-ж. 01.05. чейин билим берүү программасын өркүндөтүү максатында студенттер менен иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын баалоо жүргүзүлсүн жана анын жыл сайын өткөрүлүшү камсыздалсын.
2. Программанын актуалдуулугун камсыздоо үчүн илимдин соңку жетишкендиктерин жана технологияларын эске алуу менен конкреттүү дисциплиналардын мазмунуна жыл сайын мониторинг жүргүзүү жана баалоо маселелери жөнгө салынсын жана анын жыл сайын өткөрүлүшү камсыздалсын.
3. 2019-ж. 01.09. чейин билим берүү чөйрөсү менен колдоо кызматтарынын жана алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигине мониторинг жүргүзүү соңуна чыгарылсын жана анын жыл сайын өткөрүлүшү камсыздалсын.
4. 2019-ж. 01.07. чейин мониторингдин жана мезгили менен баалоонун натыйжаларын талдоого, талкуулоого жана аларды билим берүү процессин уюштурууну жакшыртууга кызыкдар тараптарды тартуу үчүн чаралар каралсын жана жыл сайын кызыкдар тараптардын катышуусу камсыздалсын.
5. 2019-ж. 01.09. чейин Билим берүү программанын окуу-усулдук камсыздалышынын билим берүүнүн максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келүүсүн баалоо соңуна чыгарылсын жана анын жыл сайын өткөрүлүшү камсыздалсын.

**2 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутууга жана окугандардын (студенттердин) жетишүүсүн баалоого минималдуу талаптар**

**3 - Стандарт аткарылып жатат.**

**4 - Стандарт. Окуучуларды (студенттерди) кабыл алуу, билим берүүнүн натыйжаларын таануу жана окуучулардын (студенттердин) бүтүрүүсүнө минималдуу талаптар**

**4 - Стандарт аткарылып жатат.**

**5 - Стандарт. Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамга минималдуу талаптар**

**Күчтүү жактары:**

НМКнын базасында Кыргыз мамлекеттик адистикти жогорулатуу жана кайра даярдоо медицина институтунун Нарындагы филиалы жайгашкан.
Окутуучулар саламаттык сактоо мекемелеринин адистери менен биргеликте дасыгуусун ыкчам жогорулатууга кенен мүмкүнчүлүктөрдү колдонушат. НМКнын клиникалык сабактарынын окутуучулары үчүн берип жаткан сабактары боюнча практикалык медицинадагы акыркы өзгөрүүлөрдү жана жаңылыктарды өз убагында кабыл алып, окуу программаларына тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизип туруу үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

**5 - Стандарт аткарылып жатат.**

**6 - Стандарт. Материалдык-техникалык базага жана маалымат ресурстарына минималдуу талаптар**

**Күчтүү жактары:**

Студенттер практикалык ыкмаларды жакшы өздөштүрүүсү үчүн окуу-тренажердук борбор уюшулган.
Борборду уюштуруу үчүн саламаттык сактоону реформалоонун “Ден соолук” улуттук программасынын алкагында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан баасы 3,177,500 сомду түзгөн муляждар, манекендер берилген. Мындан тышкары колледждин атайын каражаттарынын эсебинен 248,000 сомго окуу куралдары алынган.
Тренажердук борбордун уюшулгандыгы студенттердин практикалык манипуляцияларды аткаруусун бир топ жеңилдетти, жана Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын практикалык бөлүгүн тренажердук борбордо кабыл алганга шарт түзүлгөн.

**Алсыз жактар:**

1. Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык окуу процессин толук ишке ашыруу үчүн программанын студенттерин зарыл болгон жабдуулар, окуу китептер, окуу куралдар жана башка окуу-методикалык материалдар менен камсыз кылуу боюнча талаптар иштелип чыккан эмес.

**Сунуштамалар:**

2019-ж. 01.06. чейин мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык окуу процессин толук ишке ашыруу үчүн программанын студенттерин  зарыл болгон жабдуулар, окуу китептер, окуу куралдар жана башка окуу-методикалык материалдар менен камсыз кылуу боюнча талаптар иштелип чыксын жана алардын аткарылышына ар жылдык талдоо жүргүзүү камсыздалсын.

**6 - Стандарт  жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**7 - Стандарт. Маалыматты башкарууга жана аны коомчулукка жеткирүүгө минималдуу талаптар**

**Алсыз жактар:**

1. Окуу жайдын сайтында тиешелүү маалыматтар жетишсиз.

**Сунуштамалар:**

1. 2019-ж. 01.05. чейин сайттын баракчалары жетишпеген маалыматтар менен мамлекеттик тилде жана расмий тилде толукталсын жана сайттын актуалдаштырылуусу  камсыздалсын.

**7- Стандарт  жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**Стандарттардын бааланышы**

1 - Стандарт – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
2 - Стандарт – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
3 - Стандарт – аткарылып жатат
4 - Стандарт – аткарылып жатат
5 - Стандарт – аткарылып жатат
6 - Стандарт – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
7 - Стандарт – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

Нарын медициналык колледжинин орто кесиптик билим берүү программаларына тышкы баалоо жүргүзгөн  эксперттик комиссия өзүнүн отчетунун негизинде
060101 “Дарылоо иши”
060102 “Акушерство”
060105 “Стоматология билим”
060108  “Фармация”
060109 “Медициналык айымдык иши”
060110 “Лабораториялык диагностика”
билим берүү программаларын 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоону сунуштайт.

**2019-ж. 06.03.**